Бекитемин:

Мектеп директору: Чотуралиев И.А.

## Педагогикалык коллективдин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар жана алардын ата-энелери менен иштөө ишмердүүлүгү жөнүндө

ЖОБОСУ

1. **Жалпы жобо**

Жобо КР Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын, жалпы билим берүүчү мектептин типтүү жобосунун негизинде иштелип чыкты.

2. **Максаты;**

2.1. Билим берүү жөнүндө мыйзамдын аткарылышын камсыздоо;

2.2. Жалпы мектепте жана айрым окуучуларды окутуунун сапатын, денгээлин жогорулатуу;

2.3. Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;

2.4. Окуучуларды сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албоосуна жана ордуна калып калуусунун алдын-алуу; ..

2.5 Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү.

3. **Милдеттери;**

3.1. Окуу процессине болгон окуучулардын жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандыруу

3.2. Билим берүү жөнүндөгү мыйзамга ылайык ата энелердин балдарды окутуудагы жоопкерчилигин күчөтүү;

4. **Ишмердүүлүктүн түрлөрү жана негизги багыттары**

- Окуучулардын билим сапатынын жана жетишүүсүнүн төмөн болушунун себептерин аныктоо;
- Окуучулардын билим сапатынын жана жетишүүсүнүн жогорулатууга багытталган комплекстүү иш чараларды кабыл алуу;

5. **Педагогикалык коллективдин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар жана алардын ата-энелери менен иштөө ишмердүүлүгүнүн программасы**

5.1. Окуучулардын билим денгээлин аныктоо максатында окуу жылынын башталышында диагностика жүргүзүү

5.2. Баалоонун обьективдүү болушу үчүн сабакты сурoонун ар түрдүү формаларын (оозеки, жазуу, жекече) колдонуу

5.3. Дайыма системалуу түрдө суроо менен бааны өз убагында коюу

5.4. Окуучунун баасына комментарий берүү (окуучунун кийинки сабактарда ката кетирбеш үчүн жетишпеген жагын белгилөө)

5.5. Окуучулардын жазуу иштеринде кетирген кемчиликтерин жоюу максатында катанын үстүндө иштөө

5.6. Предметтик мугалимдер окуучунун теманы өздөштүрүүдө кездешкен кыйынчылыктарын билип убагында консультация берүүсү керек

5.7. Предметтик мугалим класс жетекчиге жана ата-энеге окуучунун сабактардагы жетишпегендиги жөнүндө убагында билдириши керек (эгерде бир сабактан 3 же андан көп «2» болсо)

5.8. Мугалим окуучунун сабак учурундагы начар жүрүм-туруму үчүн баасын төмөндөтпөөсү керек, мындай учурда башка чара колдонуусу керек

5.9. Предметтик мугалим төмөндөгү документтер менен иш алып барат

- сабагынан жетише албаган окуучулар менен жекече иштөөнүн графиги
- сабагынан жетише албаган окуучулардын жеке картасы
- Билим алууда кемчиликтерди жоюу боюнча кошумча тапшырмалар
- Кошумча сабактар үчүн окуучулардын дептерлери
- Төмөнкү формада сабагынан жетише албаган окуучулар менен иштөөнүн отчету

| Окуучунун аты жөнү | Сабагынан жетишпегендигинин себеби | Берилген тапшырманын түрү | Кемчиликтерди жоюунун формасы | Иштин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

5.10. Жогорудагы 5.1.-5.9. п ишке ашырылгандан кийин окуучунун билим деңгээлинде өзгөрүү болбосо предметтик мугалим төмөндөгүдөй формада отчет берет

| Окуучунун аты жөнү | Сабагынан жетишпегендигинин себеби | Берилген тапшырмалардын түрү | Кемчиликтерди жоюунун формасы | Тапшырманын берилген мөөнөтү | Класс жетекчиге маалымдаган күнү | Ата-энеге маалымдаган күнү | Иштин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

## 6. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүнүн программасы

6.1. Класс жетекчи окуучу менен жекече аңгемелешүү аркылуу сабакка жетишпегендигинин себебин төмөндөгү себептерди эске алуу менен аныктоого милдеттүү (окуучу, ата эне менен жекече сүйлөшүү, анкета алуу)

- Сабак калтыруу (себептүү же себепсиз)
- Үйдөн жетишсиз даярдануу
- Жөндөмдүүлүктүн төмөндүгү
- Окууну каалабагандык
- Сабакта жетишсиз иш алып баруу
- Сабакта баанын обьективдүү эмес коюлушу
- Үй тапшырманын көлөмүнүн көптүгү
- Окулуп жаткан материалдын татаалдыгы
- Башка себептер

6.2. Эгерде сабагынан жетишпөөнүн себеби сабак калтыруу болсо, класс жетекчи себептүү же себепсиз экенин аныктоосу керек

***Себептүү болуп саналат;***

А) оорусу боюнча дарыгердин тастыктаган маалымкаты же ата-эненин 3 күндүк мөөнөттөн ашпаган түшүнүк каты

Б) иш-чарага катышууга чакыруу, маалымдама, иш-чараны өткөрүп жаткан мекеменин буйругу

В) окуучунун абалы начарласа класс жетекчиге, предметтик мугалимге билдирүү менен сабактарынан бошотулганда

Г) Үй-бүлөлүк шарына байланыштуу (директордун наамына жазылган ата эненин арызы)

***Себепсиз болуп саналат;***

Окуучунун сабакка келбеген себебин тастыктоочу документ болбосо. Мындай учурда класс жетекчи 1же 2 жолу келбегенин күндөлүккө жазуу менен ата-энеге билдирет, эгерде бир нече жолу калтырса ата-эне менен аңгемелешүү менен, системалуу түрдө калтырса кичи педагогикалык кеңешмеде талкуулоо менен чечсе болот

6.3. Эгерде сабагынан жетишпөөнүн себеби үйдөн жетишсиз даярдануу, жөндөмдүүлүктүн төмөндүгү, окууну каалабагандык болсо класс жетекчи окуучунун ата-энеси менен профилактикалык иш жүргүзөт. Ата-энеси өзүнүн милдеттеринен баш тартса мектеп администрациясына кайрылат

6.4. Сабакта жетишсиз иш алып баруу, сабакта баанын обьективдүү эмес коюлушу, үй тапшырманын көлөмүнүн көптүгү, окулуп жаткан материалдын татаалдыгы сабактан жетишпөөнүн себеби болуп жатса, класс жетекчи предметтик мугалим менен сүйлөшөт же мектеп администрациясына текшерүү үчүн кайрылат

6.5. Предметтик мугалим төмөндөгү документтер менен иш алып барат

**Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын үйүнө баргандыгын белгилөөчү журнал**

| Барган күнү | Максаты | Чечими | Ата-эненин колу |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен сүйлөшүүнү каттоо журналы**

| Сүйлөшүлгөн күнү | Сүйлөшүүнүн максаты | Чечими | Окуучунун колу |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Предметтик мугалимдердин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөдөгү чара көрүүлөрү**

| Күнү | Мугалимдин аты-жөнү | Көйгөйү | Көрүлгөн чаралар |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Класс жетекчинин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөсү боюнча отчету**

( ай сайын мектеп администрациясына тапшырат)

| Класстагы жалпы окуучулардын саны | сабакты начар өздөштүргөндөрдүн саны | Үйлөрүнө баруу | | алдын алуу үчүн аңгемелешүү | | Кошумча сабактарга катышуусун көзөмөлдөө үчүн предметтик мугалимдер менен сүйлөшүү | | Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн өткөн айдагы жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Окуучу-нун аты жөнү | барган күнү | Окуучу-нун аты жөнү | аңгемелеш кен күн | предметтик мугалимдин аты жөнү | Пред мет | |
| | | | | | | | | |

**7. Окуучунун ишмердүүлүгүнүн програмаасы**

7.1. Окуучу жазуу иштерин текшертүү үчүн өз убагында мугалимге көрсөтүүгө, үй тапшырмасын аткарууга милдеттүү.

7.2. Окуучу сабак учурунда берилген тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү аткарууга милдеттүү.

7.3 Окуучу сабак калтыргандагы окуу материалдарын өз алдынча окуп үйрөнөт, кыйынчылыкка дуушар болсо мугалимге жардам сурап кайрыла алат.

**8. Ата-эненин ишмердүүлүгүнүн программасы**

8.1. Ата-эне мугалим же класс жетекчи чакырганда мектепке келүүгө милдеттүү.

8.2. Ата-эне окуучунун мектепке келип жатканын, үй тапшырмасын аткарып жатканын көзөмөлдөйт.

8.3. Ата-эне окуучунун сабак калтыргандагы окуу программасын өз алдынча окуп үйрөнүүсү үчүн предметтик мугалим менен байланышып окуучуга жардам берүүгө милдеттүү.

8.4. Ата-эне окуучу жетише албай жаткан предмет боюнча сабактарга катышууга укуктуу.

8.5. Ата-эне класс жетекчиге, мектеп администрациясына жардам сурап кайрылууга укуктуу.

8.6. Ата-эне өз милдетинен баш тарткан учурда административдик чара колдонуу максатында жашы жете элек өспүрүмдөрдүн иишин кароо комиссиясына тиешелүү материалдар жөнөтүлөт.

**9. Мектеп администрациясынын ишмердүүлүгүнүн программасы**

9.1. Окуу процессинин бардык баскычтарында сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт.

9.2 Мектеп администрациясы төмөндөгү документтер менен иш алып барат:

- Педагогикалык коллективдин сабакты начар өздөштүргөн окуучулар жана алардын ата энелери менен иштөө ишмердүүлүгү жөнүндө жобосу

- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн планы

- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын жалпы тизмеси;

- окуу жылына карата сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен кошумча сабактарды өтүүнүн графиги;

- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын кошумча сабактарына катышуунун графиги;

- Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча маалымдамалар, отчеттор.

9.3. Мектеп администрациясы окуу жылында педагогикалык жамааттын сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштегендиги жөнүндө аналитикалык маалымдама жазат.

9.4.Мектеп администрациясы кабыл алынган иш чаралар натыйжасыз болгон учурда окуучунун андан аркы окуусу боюнча кичи пед кенеш өткөрөт жана ага окуучунун ата-энеси чакырылат

9.5. Сабакты начар өздөштүргөн окуучуларды кайталап окутуу курсуна калтыруу жөнүндө чечимди педагогикалык кенеш кабыл алат.

**10. Учурдагы жобонун аткарылышын көзөмөлдөө жөнүндө**

10.1. Күнүмдүк көзөмөлдү класс жетекчи, предметтик мугалим, ата-эне ишке ашырат.

10.2. Учурдагы жобонун сакталышын жалпы көзөмөлдөөнү ОТИ боюнча директордун орун басары ишке ашырат

№ _____ буйрук менен ишке кирди.

**Окууда жетишпеген балдар менен иштөө**

Максаты:

1. Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;
2. Ата – энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;
3. Окуучулардын билим алуусунун деңгээлин көтөрүү;
4. Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албай калуусун жана ордунда калып калуусунун алдын алуу;
5. Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

**Начар окуган окуучулар менен иштөө боюнча негизги багыттар**

- Окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныктоо;
- Начар окуган окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстүү иштерди жүргүзүү, сабактан тышкаркы учурда иштөө, ата – энеси менен сүйлөшүү, сабак учурунда иштөө;
- Класстан тышкаркы иш – чараларга тартуу;
- Коомдук иштерге катыштыруу;

Окуучунун окуудан начарлоосунун себеби ар кандай болушу мүмкүн. Ар бир эле окуучу жакшы окууну каалайт. Кээ бир учурларда сабактан "2" алып калган учурда баланын окууга болгон кызыгуусу тарап, кээде ал сабакка катышпай да койгон кездер болот. Жыйынтыгында тартиби дагы начарлайт. Сабактан начар окуган бала өзүндөй начар окуган бала менен достошот, себеби жакшы окуган окуучунун алдында өзүн ылдый сезет.

Окуудагы жетишпөө – бул окуу программасын канаатандырарлык денгээлде өздөштүрө албоо. Себеби үй бүлөнүн социалдык абалына жараша дагы болушу мүмкүн. Б.а үй бүлөдө балага билим алууга көңүл бурулбай калуусу мүмкүн. Ата – энелер үйдөн баласынын окуусуна көңүл буруп, тапшырманы аткарууга жардам берип, мектеп менен тыгыз байланышта болсо, мындай көйгөй аз болмок.

Мугалим окуучуларды предметине кызыктыра алуусу, ар кандай интерактивдүү методдорду колдоно билүүсү дагы сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатып, начар окуган окуучулардын предметке болгон кызыгуусу артып, көңүл бура баштайт.

**Начар окуган окуучу менен сабак учурунда иштөө**

Сабактын этаптары:

1. Өтүлгөн материалды кайталоо учурунда окуучуга сабакта дифференцирленген суроолорду берүү менен окууга болгон кызыгуусун арттыруу, туура жооп берген учурда аны мактоо;
2. Жаңы теманы түшүнүүсү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн мисалдар, тажрыйбалар аркылуу түшүндүрүү;
3. Бышыктоо учурунда берилүүчү тапшырмаларды жөнөкөйлөтүп берүү;
4. Өз алдынча иштөөдө атайын карточкаларды даярдап келип, окуучунун денгээлине жараша тапшырма берүү;
5. Окуучунун билимин оъективдүү баалоо;
6. Окуучуга индивидуалдык тапшырма берүү

## Начар окуган окуучу менен иштөөдө класс жетекчинин милдеттери

Класс жетекчи класстагы окуучунун окуудан жетише албагандыгыны себебин аныкташ керек. ал үчүн жекече ангемелешип, ата – энеси менен сүйлөшүп, жеткиликтүү иш аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы зарыл. Баланын сабактардан жетише албай, начар окугандыгынын себеби:

- Сабакты көп калтыруусу;
- Үйдөн тапшырманы аткарууда ата – энеси тарабынан көзөмөлдүн жоктугу;
- Жөндөмсүздүгү;
- Окууга болгон калоосунун жоктугу;
- Тапшырманын көлөмүнүн көптүгү;
- Мугалим тарабынан окуучуну баалоонун объективдүү эместиги;
- Окуу материалынын татаалдыгы;
- Ден соолугунун начарлоосу;

## Ата-эне – окуучу – класс жетекчи ортосундагы “Үчилтик” келишими

**1.Окуучунун аты – жөнү: ______________________________**

**2.Атасынын же апасынын аты жөнү: ______________________________**

**3.Класс жетекчинин аты жөнү: ______________________________**

**Ата – энеси:**

- Баламды (кызымды) мектепке өз убагында жөнөтөм,себепсиз калтырбайм.
- Окуу куралдары менен толук камсыз кылып турам.
- Ден-соолугун ардайым көзөмөлгө алып турам.
- Таза кийинип тыкан журүүсүн камсыздайм.
- Өзү кызыккан сабактардан ийримдерге катышуусуна шарт түзүп берем.
- Мектептин коомдук жана маданий массалык иштерине үзгүлтүксүз катыштырам.
- Маданияттуу сылык сыпаа сүйлөөгө үйрөтөм
- Толук өздөштүрө албай жткан сабактарына кшумча сабактар уюштуруп берем.
- Спорттук форма менен камсыздайм.
- Достору жана классташтары менен жакындан таанышам
- Ар кандай диний уюмдарга,дискотекаларга катыштырбайм жана майрамдык кечелер өткөрүп бербейм
- Мектепке уюлдук телефон көтөрүп келүүсүнө жол бербейм.
- Ашыкча көп акча бербейм.
- Мектепте ата-энелер чогулушуна катышам жан класс жетекчи жана мугалимдери менен тыгыз байланышта болуп турам.
- Мектептен сырткары баламдын жүрүш-турушуна өзүм толугу менен жооп берем.
- Сабактарына катышып турам.

- Мектептин уставына баш ийем.

**Окуучу:**

- Мектепке кечикпей өз убагында жөнөтөм жана себепсиз сабактан калтырбайм.
- Үй тапшырмаларын жана мугалимдин айткандарын так аткарам.
- Мектеп формасын сактап,таза, тыкан жөнөтөм.
- Акыл- эстүү болуп,ойлонулбаган чечимдерди кабыл албоого үндөйм.
- Зордук-зомбулук көрсөтүүгө жана рекетчилик кылууга жол бербейм.
- Достору менен ынтымактуу болуп,алардын буюмдарына кыянаттык кылбоого үйрөтөм .
- Мектепке телефон менен жибербейм.
- Өз алдынча майрамдык кечелер,экскурсия уюштурбайт жана катышпайт
- Коомдук иштерге дайыма катышып турат
- Мектептин эрежелерине толугу менен баш ийет.

**Класс жетекчи:**

- Ар күнү окуучулардын келип кетүүсүнө көзөмөл жасайм.
- Окуучулардын тартибине көзөмөл жасоо менен бирге өз убагында ата-энелерге маалымдайм.
- Окуучулардын жынысына,улутуна жана материалдык абалына карабай бирдей мамиле жасайм.
- Форма ,тазалык,билим сапатын көзөмөлгө алам.
- Коомдук иштерге катышууга үгүттөйм, катышпаса чара колдоном.
- Ата-энелер менен тыгыз байланышта болом.
- Жума сайын кемчилдиктери бар окуучуларга эскертме берип, ата-энелерине жеткирип турам.

**Начар окуган окуучулар менен иштөө**

1. Окуучунун аты – жөнү: ____________________
2. Классы ____________________
3. Кайсы предметтен жетише албайт: ____________________
4. Окуучунун тартиби: ____________________
5. Окуучунун начар окуусунун себеби:
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________

6. Окуучу менен жекече кандай иштер аткарылды:
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________

7. Аткарылган иштин жыйынтыгы:
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________

8. Кошумча маалыматтар:
____________________
____________________
____________________
__________

Бекитемин:

Мектеп директору: Чотуралиев И.А.

# Ийри-Суу негизги мектебинин информатика мугалими Матаева Адила сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сабакты өздөштүрө албаган окуучуларды аныктоо. Жекече иш алып баруунун планын түзүү | Сентябрь | Иш план | Иш план түзүлүп, бекитилет |
| 2 | Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын ата – энелери менен сүйлөшүү, маалымат берүү | Окуу жылынын башында | Ата – энелер менен сүйлөшүү дептери | Ата – энелер менен жекече пикир алмашуу болот жана окуучунун өздөштүрүүсү боюнча маалымат берилет |
| 3 | Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын күнүмдүк сабакка жана кошумча сабакка катышуусун көзөмөлдөө | Дайыма | Сабактардын жүгүртмөсү, катышуу дептери | Окуучунун сабакка болгон кызыгуусу жакшырат |
| 4 | Окуучуларга диагностикалык карта түзүү, мүнөздөмө жазуу | Сентябрь | Диагностикалык карта | Окуучуга мүнөздөмө берилет |
| 5 | Окуучулардын дептерлеринин текшерилиши | Дайыма | Дептерлер | Окуучунун дептерлеринин абалы жакшырат |
| 6 | Сабактарга катышуу, окутууда дифференциялык жана жекече мамиле жасоо.<br>• Ар түрдүү деңгэлдеги тесттерди пайдалануу; | Дайыма | Таркатмалар, сабактаын планы, тесттик тапшырмалар | Окуучунун сабакка болгон кызыгуусу, кабыл алуусу жакшырат |
| 7 | Диагностикалык машыгуу иштерин өткөрүү жана анализдөө (жазма иштери) | Ай сайын | Жазма иштери (срездер) | Окуучунун өздөштүрүүсү бааланат |
| 8 | Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын жашоо шартын аныктоо максатында үйлөрүнө баруу | Ай сайын | Ата энелер менен сүйлөшүү дептери | Окуучунун жашоо шарты аныкталат, сабак окуу үчүн шарт жакшырат (зарылдыгы болсо) |
| 9 | Окуу – тарбия процесстерине ата – энелерди катыштыруу, диагностикалык машыгуу иштеринин жыйынтыгын ата – энелерге маалымдоо, ата – энелер менен жекече иштөө | Чейрек сайын | Ата – энелер менен сүйлөшүү дептери | Ата – энелер менен сүйлөшүү жүрөт, окуучунун өздөштүрүүсү тууралуу маалымат берилет |
| 10 | Аткарылган иштерге анализ, жыйынтык жасоо | Окуу жылынын соңунда | Анализдер, жыйынтык отчёттор | Аткаоылган иштин жыйынтыгы чыгарылат |